УДК: 94 (575.2)

*Каниметов А. К., т. и. к., доцент*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНИН ПАЙДУБАЛЫН ТҮПТӨГӨН ИНСАН

*Макала кыргыз совет мамлекетинин келечегине ак ниети менен кызматын өтөгөн, тайманбас эрки менен анын түптөлүп, өнүгүшүнө зор салым кошкон, мамлекетибиздин жаркын келечеги үчүн кырчындай жаш өмүрүн арнаган, бирок өмүрүнүн акырында өздөрү түзгөн системанын курмандыгы болгон кыргыз совет мамлекетинин көрүнүктүү ишмери Жусуп Абдрахмановдун өмүрү жана ишмердүүлүгүнө арналат.*

***Өзөктүү сөздөр**: колония, улуттук мамлекет, саясий ишмер, коммунисттик партия, индустриялаштыруу, коллективдештирүү.*

*Каниметов А. К., к. и. н., доцент*
*ИГУ им. К.Тыныстанова*

## ЛИЧНОСТЬ, ОСНОВАВЩИЙ КЫРГЫЗСКУЮ ГОСУДАРСТВЕННОСТЬ

*Статья посвящена выдающемуся советскому государственному и политическому деятелю Жусупу Абдрахманову, который несмотря на молодость своим умом, смелостью и волей внёс большой вклад в развитие государства, и впоследствии стал жертвой этой же системы.*

***Ключевые слова**: колония, национальное государство, политический деятель, коммунистическая партия, индустриализация, коллективизация.*

*Kanimetov A. K., Phd in History, Associate Professor*
*K.Tynystanov ISU*

## THE PERSON WHO FOUNDED THE KYRGYZ STATEHOOD

*The article is dedicated to the outstandinq soviet statesman and political fiqureJusupAbdrahmanov, who despite of his youth with his mind, couraqe and will made a qreat contribution to the development of the government and at the end became a victim of this system.*

***Key words:** colony, national state, politician, communist party, industrialization, collectivization.*

Быйыл КР Президентинин чыгаан инсан Жусуп Абдрахмановдун элесин түбөлүккө калтыруу жана анын 120 жылдыгын улуттук жогорку деңгээлде белгилөө боюнча чыккан жарлыгын кубануу менен кабыл алдык, ушундай мамлекеттик деңгээлде баа берип белгилөөгө эчак мезгил жеткен.

Жусуп Абдрахманов 1901-жылы 23-декабрда Күнгөй Ак-Суу болушунун Чиркей айлында болуш Абдрахман Балпановдун үй-бүлөсүндө туулган. Жусуптун акыйкат, калыс, эли үчүн, анын жаркын келечеги үчүн күрөшүп, жалтанбас баатырлык сапаттарынын калыптанышына ата-бабаларынын заманында билимдүү, эл башкарган, элдин, жердин бүтүндүгүнө жооп берген, калыс эл бийлери болгондугу негиз түзгөн. Абдрахман Жусупту алгач Сазановкадагы 3 класстык орус-тузем мектебине берген, аны эң жакшы баалар менен аяктагандыктан, 1914-жылы Караколдогу шаардык башталгыч Жогорку окуу жайында окуткан. Бактылуу балалык кездери ошол жылдарда өткөн. Андан соң калың элди кайгыга салган падышачылыктын ашынган колониялык эзүүсү, 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймыл Жусупту окуу жайын таштоого

аргасыз кылат. Андан кийин эл башына түшкөн каргашалуу күндөрдө Жусуп эң жакын адамдарынан айрылып, чоң жоготууларды башынан өткөрөт. “Тузашуу” белинде ал ата-энеси, агасы баш аягы жети жакын адамдарынан ажырайт. Кабыргасы кайышып, жетимчиликти, жокчулукту, ачарчылыкты башынан кечирет.

1917-жылдагы Февраль буржуазиялык-демократиялык революциясынын натыйжасында орус падышасынын тактыдан кулатылышы менен Кытайдагы качкын кыргыздар өз мекенине келүүгө шарт түзүлөт. Жетим, багар-көрөрү жок Жусуп иниси менен алгачкылардан болуп Кытайдан кайтып келип, Караколдогу аскер гарнизонунда көптөгөн оор жумуштарды аткаруу менен ат баккыч, короо тазалагыч болуп иштейт. Бул баланын зээндүү экендигин байкаган подполковник Бычков өзү менен кошо Верныйга алып кетет. Анын жана ошол кездеги далай жетим балдардын бактысына Совет бийлиги орноп, кат-сабаты жоюлган, орус тилин мыкты билген Жусуп үчүн ыңгайлуу шарт түзүлүп, статистика тармагында иштеп калат. Кийинчерээк ал Морозовдун кызыл гвардиялык отрядына кирет. Жусуп Жети-Суу фронтунда Дутов, Анненковдордун ак гвардиячыларына каршы күрөштө өзүн мыкты көрсөткөндүктөн, 1919-жылы Верныйдагы командирлик курска жөнөтүлүп, кийин Ташкенттеги Ленин атындагы аскердик окуу жайга жиберилген. Окуп жүргөн кезинде ал Россиялык Коммунисттик (большевиктер) партиясынын катарына кабыл алынып, анын жергиликтүү органдарына шайланат. Тилекке каршы, оорусуна байланыштуу окуусун токтотууга туура келет.

Кийинки саясий турмушу Түркстан крайынын, анын ичинде Жети-Суу комсомол кыймылын уюштурууда улантылат. Ал Алматы, Капал, Талды-Коргон, Пишпек, Каракол уезддик-шаардык комитеттеринин жооптуу кызматтарында эмгектенип такшалган. 1920-жылы Москва шаарында өткөн Россиялык Коммунисттик Жаштар Союзунун III съездине делегат болуп катышып, В. И. Ленин менен президиумда отуруп, аны менен көзмө-көз сүйлөшкөн. Түркстандагы советтик аппарат жетекчилери Совет бийлигинин жүргүзгөн саясатын элге жеткиликтүү өз эне тилинде жеткирип, калк мүдөөсүн билүү үчүн аларга түшүнүктүү өз эне тилинде сүйлөшүп, калкка жакын болуу керек экендиги жөнүндө В. И. Лениндин осуятын угуп, кайткан.

Ушундан кийин ал В. И. Лениндин эмгектерине дайыма кайрылып, өзүнүн жана жолдошторунун ишмердигин ага салыштырып, макалаларды, мамлекеттик иштерди эне тилинде жүргүзүп, газета, журнал жана китептерди эне тилинде чыгарууга аракеттерди баштаган. Ж. Абдрахманов, И. Арабаев, И. Айдарбеков, А. Сыдыковдордун акылман-көрөгөчтүгү кыргыз элинин элдүүлүгүн, мамлекеттүүлүгүн сактап отурат. Алардын талыкпаган аракети менен Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана облустарында бытыранды жашаган кыргыздардын уезддерин бөлүп, өз алдынча Тоолуу Кыргыз автономиялуу облустун түзүү сунуштарын 1921-жылдан баштап көтөрүп чыга башташкан. Кайра-кайра көтөрүлгөн бул маселеден улам 1922-жылы 25-мартта Түркстан КП БКнин секретариаты Түркстан Республикасынын курамында Тоолуу-Кыргыз облусун түзүү жөнүндөгү чечимди кабыл алган. Түркстан БАКнин кичи Президиуму 26-мартта курамында Пишпек, Каракол, Нарын уезддери жана Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү кирген, борбору Кочкор кыштагында жайгашкан Кыргыз Тоолуу облусун түзүү чечимин кабыл алган. Башкача айтканда, бул областка Кыргызстандын түндүгү гана кирип, Түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын тагдыры убактылуу ачык калтырылган. Бирок ага карабастан кыргыз элинин алдында кыргыздар жашаган аймактын бир бөлүгүндө бирдиктүү, өз алдынча улуттук автономиялуу мамлекеттүүлүгүн түзүү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөр ачылат. Тилекке каршы, ошол кездеги партиялык жетекчилер Р. Кудайкулов, Д. Бабахановдор бир тараптуу болуп кыргыздардын Казакстандын курамында болушун, ал эми Ж. Абдрахманов, А. Сыдыковдордун тарапташтары

РСФСРдин курамында Тоолуу Кара- Кыргыз облусун түзүүнү жактап чыгышат. Партиянын Жети-Суу обкому 1922-жылы 4-июнда Пишпекте уюштуруу съездин чакырып, ага 425 делегат катышкан. Бирок съезд Түркстан жана Жети-Суулук бийликтегилердин макулдугу, Сталиндин түздөн-түз көрсөтмөсү менен таркатылган. РКП (б) БКти Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча мурун кабыл алынган бардык документтерди мыйзамсыз деп табат. Съездди чакырган демилгечилерди буржуазиялык улутчулдар, контрреволюционерлер деп күнөөлөшөт.

Бул маселе ушуну менен эле токтолуп калбастан, 1924-ж. январында өткөн Түркстан Республикасынын Советтеринин XII съездинде кыргыз делегаттары РКП (б) БКга жана СССРдин БАКнынУлуттар Советине доклад менен кайрылышкан. Кыргыз элинин тагдыры чечилген бул маселе учурунда каралбай, кийинкиге калып жатып, 1924-ж. 14-октябрда Орто Азияны улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүдө Кыргызстан Түркстан АССРинин курамынан чыгып, Россия Федерациясынын курамына кирген, өз алдынча Кара-Кыргыз Автономиялуу облусу түзүлгөн. 1924-ж. 21-октябрында РКП(б) БК убактылуу облустук партбюросу уюшулуп, облустук партиялык уюмдун 1-катчылыгына М. Каменский, 2-катчылыгына Ж. Абдрахманов дайындалган. Каменскийдин келиши менен партиялык жетекчилердин жиктелиши ого бетер күч алган. Ж. Абдрахмановдун кадрлар маселесине олуттуу карап, чечкиндүү, жөндөмдүү кадрларды тандоосу Каменскийге жаккан эмес. Каменский борбордон дайындалып келген жетекчи катары совет өкмөтүнүн саясатын жүргүзүүдө карамагындагылардын кыңк этпей баш ийүүсүн каалаган жана ашынган улутчул маанайда болуп, алдыңкы улуттук кадрлар менен биргелешип иштеше алган эмес. Ошондуктан Ж. Абдрахманов М. Каменскийдей адамдарды “ Чөнтөгүндө партбилети бар колонизаторлор” деп атаган.

Областтык биринчи партконференция (1925-ж. март) М. Каменскийдин жетекчилиги менен өткөн. Облустук аткаруу комитетинин курамын шайлоодо шайлоо эрежелери одоно бузулган. Ж. Абдрахманов партиялык комитетке шайланган эмес, анысы аз келгенсип, анын буга чейинки партиялык жана советтик иштерде ээ болгон тажрыйбасына карабай, партиялык кызматка дагы көрсөтүшкөн эмес. Жетекчи менен келишпестик терендей берген. 1925-жылы апрелде Ортоазбюросунун демилгеси менен Жусуп Абдрахманов Ташкентке чакырылып, уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басарлыгына дайындалат. Андан 1925-жылдын 30- майынан 1-августуна чейин СССР менен Иран мамлекетинин кызматташтыгын бекемдөө максатында Тегеранга элчилик кызматка жиберилет. Ж. Абдрахмановдун орус тилинен тышкары немис жана перс тилдеринде сүйлөй билгендиги белгилүү болуп отурат.

Ушул эле жылдын август айында Москвага чакыртылып, РКП БК (б)да Кремлде инструктор болуп 1926-жылдын апрелине чейин иштейт. Бул өлкөдөгү башкаруучу партиянын аппаратында кызмат өтөгөн биринчи кыргыз элинин өкүлү болгон. Жусуптун билимин, өткүрлүгүн, чечкиндүү, тайманбастыгын Сталин дагы жогору баалаганын байкоого болот. Ал Орто Азияны улуттук-территориялык жактан бөлүштүрүүдө Сүлүктүнүн Өзбек Республикасына өтүп кетишине каршы чыгып, бардык советтик аппараттарга кайрылып, оң чечим чыгарттыра албаган соң И. В. Сталинге каты менен кайрылат. Жусуп бул аймакта жашаган жалпы кыргыздарды, жайлоодогуларын санатып, каттодон өткөргөн. Сталин бул маселени өз көзөмөлүнө алып, Сүлүктү кыргыздарга кайтарылып берилген.

Ж. Абдрахманов кыргыз совет мамлекетинин алгачкы жылдарындагы ишинин көптүгүнө карабай, 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылга арнап өзүнүн күндөлүгүндө жазган жана ага объективдүү баасын берген.

Күндөлүгүндө падышанын 1916-жылдын 25-июнундагы Поволжья, Чыгыш Сибирь, Түркестан жана Казакстандагы 19 жаштан 43 жашка чейинки жергиликтүү

эркектерди согуштук-тылдык жумушка мобилизациялоо жөнүндөгү указынын чыгышы, көтөрүлүштүн чыгышына шылтоо болгондеп жазат. Түркстан аймагы боюнча 200470 адам, анын ичинен Жети-Суу облусунан 43000 адам, анын 34042си Пишпек жана Пржевальск уезддеринин жергиликтүү калкынан каралса, Фергана облусунан 51233 адам каралган. Бирок бул, Абдрахманов баса белгилегендей, көтөрүлүштүн шылтоосу гана болгон. Негизги себеп болуп падыша өкмөтүнүн Кыргызстанда жүргүзгөн колониялык (жер, суу, салык) саясаты эсептелген.

XIX кылымдын 60-жылдарынын экинчи жарымынан тартып, Орусиянын борбордук райондорунан орус дыйкандарын көчүрүп келүү башталган. Орустардын эң алгачкы турагы 1874-жылы генерал-губернатор Кауфмандын буйругу менен Кара-Балта, 1877-ж. чейин Чалдабар, Дмитриевское (Талас) жана Михайловка кыштактары түзүлгөн. Падыша өкмөтү келгин орус дыйкандары үчүн 1896-1916-жылдары 237 млн 310 миң рубль жумшаган.1916-жылга карата орустардын жана казак-орустарынын 914 кыштагы курулуп, буларга 1 млн 900 миң гектар жер берилген. Ар бир орус чарбасы үчүн 3,17 гектар жер берилсе, жергиликтүү дыйкандарга 0,021 гектар жер же болбосо 15 эсе кем берилген. Жергиликтүү эл ата-бабаларынан бери жердеп келген, жашоо-шартка ыңгайлуу, токой-суусу көп, жайлоолору, айдоо жерлеринен ажыраган. “Артыкбаш” жерлерди кайтарып алуу шылтоосу менен 1906-1914-жылдардын аралыгында келгин дыйкандарга 2708226 теше жер алынып берилген. Орусиядан көчүрүлүп келгендердин 46 кыштагы пайда болгон. Мындан тышкары, көптөгөн жер казынанын фондусуна алынган. Мисалы, Пишпек жана Пржевальск уезддеринен казынанын фондусуна 35244 теше жер өткөн. 1915-жылы бир эле Пишпек уезди боюнча 712 миң гектар, ал эми Фергана бөлүгү боюнча 82 миң гектар жерди күч менен тартып алышкан.

Орус колонизаторлорунун башкаруу системасында карапайым элди кемсинтүү, кордоо көнүмүш адатка айланган. Ж. Абдрахманов жазгандай, “үстөмдүк кылып турган улуттун өкүлдөрү катары, падышачылык тарабынан эзилип турган улуттарды жек көрүү рухунда тарбияланган ал келгин дыйкандар жергиликтүү калк менен өз ара мамиле түзө алышкан эмес”. Келгиндер арасында карапайым жергиликтүү элге өздөрүнүн үстөмдүгүн көрсөтүшкөн. Алар “суумду булгадың, айдоомду тебеледиң, малымды уурдадың” дешип, жок жерден күнөөгө тартышкан учурлар көп болгон. Келгиндер падыша өкмөтүнүн ишенимдүү таянычы болушкан. Бийликтин колдоосуна ээ болушкан кулактар жергиликтүү элдерге “мал уурдады” деген жалган жалааларды жабышып, оңой байлыкка ээ болушкан. Мындай учурда орус өкмөтүнүн администрациясы териштирбей туруп, жок малды жергиликтүү элден өндүрүп беришкен. Колониялык саясаттын күч алышы элге салынган салыктардан да көрүнүп турган. Орус колонизаторлорунун салыктары Кокон мамлекетине саны боюнча жетпегени менен, жылдан-жылга көлөмү өсүп, түрү кескин көбөйө берген. “Түтүнгө” салынган салык теңдемечилик менен төлөнгөн, башкача айтканда, жакыр мал-мүлкү чектелүү кедей букаралар менен колунда эбегейсиз мал-мүлкү бар бай-манаптарга салынган салыктын өлчөмү бирдей болгон. Мисалы, 1865-жылы бир түтүндөн 1 сом 50 тыйын алынса, 1868-жылы 3 сомго жетсе,1908-жылы 4 сом болгон. Эгерде негизги салык болгон жер салыгын убагында төкпөсө, үстөк кошулуп турган. Салык көбөйгөн сайын аны төлөй албагандардын саны да өсө берген. Жергиликтүү калк салыктан сырткары кошумча жолдорду куруп, оңдоп, сугат системалары үчүн натуралык салык төлөмдөрүн да төлөшкөн. Алсак, 1900-жылы Фергана областы боюнча жол оңдоого 288984 адам күчү тартылган. Анын ичинен 27655 адам Ош уездинен болуп, жол оңдоо үчүн алардан 299859 сом каражат чогултулган. Бул акчанын 18148 сом гана жол оңдоо иштерине жумшалган. Ал эми 1906- жылга карата ушул эле Фергана облусу боюнча

299397 адам күчү тартылса, анын 29197 Ош уездинде болуп, 12948 сомдук жумуш аткарылган. 1905- жылга карата Пишпек уездинде 18424 жумушчу күнү жумшалып, 159247 жумушчу күнү сарпталган. Булардан тышкары, согушта салгылашып жүрүшкөн орус солдаттарынын үй- бүлөлөрү үчүн эмгегине эч нерсе албай иштеп беришкен.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, жер маселеси көтөрүлүштүн чыгышынын негизги себептеринин бири болгон. Биринчи дүйнөлүк согуштун жылдарында салыктардын түрү менен көлөмү ого бетер өсүп, падышачылыктын колониялык эзүүсү элдин наразычылыгын күчөтүп, колдоруна курал алып күрөшүүгө аргасыз кылган. Жыйынтыктап айтканда, көтөрүлүштүн негизги себеби орус өкмөтүнүн жүргүзгөн колониялык саясатынан келип чыккан улуттук жана социалдык теңсиздиктин күч алышы болгон.

Ж. Абдрахманов 1925-жылы партиянын XIVсъездинде каралган өлкөнү индустриялаштыруу маселесине көңүл буруп, индустриялаштырууну жүргүзүүдө Кыргызстандын аймактарындагы өзгөчөлүктөрүн эске алуу жана эң башкысы каражат бөлүп берүү маселесинде айрым кемчиликтер кетип жаткандыгын баса көрсөткөн. Эл Комиссарлар Советинин төрагасын индустриялык объектилерди планга кошуу жана ага каражат бөлүп берүү эле эмес, жаңы курулуштардын жардамы менен Кыргызстандын экономикалык-социалдык проблемасын комплекстүү чечүү мүмкүнчүлүгү кызыктырган. Мына ушул мезгилде Ж. Абдрахмановдун демилгеси менен республикада бир топ өнөр жай ишканалары курулган. 1925-жылы Чехославакия менен Венгриянын жумушчулары катышкан “Интергельпо” деген интернационалдык кооперативдик шериктештик түзүлгөн. Ж. Абдрахмановдун багыттоосу менен Кыргызстанга келип, Пишпек станциясынын жанынан 43 гектар жер участогун бөлдүрүп алып, сукно фабрикасын, булгаары заводун, электростанциясын, кирпич заводун жана башка ишканаларды курушкан. Бул кооперативдин мүчөлөрү жасалгаларды Чехословакиядан алып келишкен. Кооперативдин мүчөлөрү 14 улуттун өкүлдөрү болушкан. Алар негиздеген ишканалар өнөр жай продукцияларын чыгаруу менен жергиликтүү калктын квалификациялуу жумушчуларын даярдап чыгышкан.

1926-жылы Кыргыз Автономиялуу областы Жусуп Абдрахмановдун жан сабаган аракетинин аркасы менен Кыргыз Автономиялуу Республикасы болуп түзүлөт. 1927-жылы Кыргыз АССРинин биринчи учредителдик съезди ачылат. Съезд Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгү жөнүндө Декларация кабыл алат. Ошол кездеги “Советская Киргизия” газетасына Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүн куттуктаган Калининдин, Будённыйдын, Бухариндин, Уникидзенин, республикалардан Казакстан, Түркмөнстан, Белоруссиянын, чет өлкөлөрдөн АКШ, Англия, Германия, Япониянын жетекчилеринин куттуктоо телеграммалары басылып чыккан.

12-мартта Кыргыз АССРинин биринчи сессиясында БАКнин Президиуму бөлүп, анын төрагалыгына А. Орозбеков шайланат. Ал эми Эл Комиссарлар Советине 26 жаштагы Жусуп Абдрахманов дайындалат. Абдрахмановдун жашоосундагы өтө оор, бирок жемиштүү мезгили келет. Бул кызматта туруп, ал өлкөнүн экономикасы жана маданиятынын өнүгүшүнө чоң салым кошот.

Абдрахмановдун күндөлүгү аркылуу биз анын эл мүдөөсүн жакшы түшүнгөн, элдин жашоо шартын жакындан таанып билген, карапайым адамдар менен көп маектешкен, зарыл учурда жөнөкөй кишинин кейпин кийип, эл аралаган адам экендигинен кабар алабыз.

1920-1930-жылдардагы коллективдештирүү жана отурукташтыруу боюнча ал бул жылдар аралыгында тап күрөшүнүн жасалма түрдө курчутулушу, кулакка тартуу саясаты, калк арасында Кытайга көчүп кетүү же өз ыктыяры менен басмачы топторго кошулуу сыяктуу наразычылык кыймылдарынын башталганын жазат.

Ж. Абдрахманов отурукташкан чарбаларды социалдык объектилер менен камсыз кылууда жергиликтүү курулуш материалдар менен курууну сунуштаган. Бул Абдрахмановду иш билги, чарбакер кыйын абалдан жол тапкан уюштуруучу жетекчи катары белгилейт. Отурукташтыруу мезгилинде орой каталарга жол берилген. Зордук менен пландуу отурукташтырууга байланыштуу көчмөн кыргыздар 1931-1934-жылдары массалык түрдө колхоздорго кирүүгө аргасыз болушкан. Көчмөндөр мурдагы жашаган жерлеринен алыс жактарга отурукташтырылган, бул жерлер дыйканчылыкка ыңгайсыз жана малга тоютсуз жерлер болгон. Коллективдештирүүнүн жүрүшүндө ыктыярдуулук принциби бузулган. Зордук-зомбулук ыкмасы күчөтүлүп калк арасында нааразычылыкты жаратып, өзгөчө, бай-манаптардын совет бийлигине болгон мамилесин өзгөртө баштайт. Ушундан улам бай-манаптарды тап катары жоюу маселеси күчөгөн. Ушундай саясий кырдаалдардан улам эмиграциялык кыймылдар жана басмачылардын аракети 30-жылдардан кийин деле улантылгандыгын архивдик материалдар тастыктайт. Ж. Абдрахманов 1931-жылдын башында ага Каракол районунан бир дыйкан жана Ысык-Көл райондук аткаруу комитетинин төрагасы жазында кыргыздардын Кытайга массалык түрдө көчө тургандыгы тууралуу кабарлашкандыгын эскерет. Ж. Абдрахманов ошол кездеги кыргыз обкомунун биринчи катчысы А. О. Шахрайга бул жөнүндө тез билдирген. Ал болсо бул маселеге оптимисттик көз караштa болгондугун өз күндөлүгүндө белгилеп, Совет бийлигинин тушунда кыргыздардын Кытай жергесине качышын элестетүү кыйын экендигин, бирок мүмкүндүгүн көрсөтүп, бул маселенин жаралышы дан эгиндерин даярдоонун өтө катаал шартта жүргүзүлгөндүгү менен байланыштырат. Мындай эмиграциялык процесстер республиканын бардык аймактарында, өзгөчө, чек арада жайгашкан райондордо катталган. Байлар менен жакындык туугандык байланыштары бар орто кедей жашагандар да Кытайга көчүп кетишкен.

Ж. Абдрахманов 1920-жылдардын аягы - 1930-жылдардын башында жүргүзүлгөн жер-суу реформасы жана коллективдештирүү саясаты Совет бийлигинин катаал шарттары менен коштолгондуктан, басмачылык кыймылды күчөтөрүн да белгилейт. Басмачылар элдин колдоосуна ээ болууга жетишип, наразы болгон элди үй-бүлөлөрү менен келип кошулууга чакырышкан. Чындыгында, орто дыйкандар, кедейлер, ал тургай, партияга мүчөлүккө кандидаттар да басмачыларга кирип кетишкен. Буга байланыштуу Ош округунун бардык аймагында 1929-жылдын 15-октябрынан 1930-жылдын 15-январына чейин ВЦИК жана РСФСР ЭКСнин чечими менен өзгөчө абал жарыяланган. Ж. Абдрахманов 1929-1930-жылдарда басмачы топторун жок кылуу, эмиграциялык кыймылдарды алдын-алуу үчүн аскердик саясий, идеологиялык, экономикалык чараларды тез арада ишке ашырууга аргасыз болгон.

Ж. Абдрахманов социализмди курууда аша чаап кетүүлөрдү, айрым кемчиликтерди жоюунун шарты катары кадрларды дайындоо маселесин өтө курч койгон. Ал жаштарды үйрөтүп, иш билги, улуттук кадрларды өстүрүүгө көңүл бурган, шакирттеринин ийгиликтерине кубанган. Жусуп Абдрахманов кадрларды билимине, жөндөмдүүлүгүнө жараша тандалышын жактаган, ал эми жогорку органдар тарабынан “кыңк этпеген” кадрлардын тандалышын жактаган эмес. “Такшалган революциянын аскерлери катардан чыгарылып жаткандыгына (1.09.1928) нараазы болгон, ошол эле учурда “кошоматчы “ак ниет” чиновник кадрлар көбөйүп жаткандыгына” (13.10.1928) кейиген. Мындай кадрлар тууралуу Сталинге жазган катында да баяндайт.

ЭКСтин төрагасы кызматында Ж. Абдрахмановдун тынчын алган маселелердин бири мамлекеттин “үчилтик” башкарууда (СССР, Орто Азия, РСФСР) болушу Кыргыз АССРинин эл чарбасын калыбына келтирип, аны андан ары өнүктүрүүдө тоскоолдук кылганы эле. Ошол кездеги мамлекеттик жетекчилер аны даана сезишкен жана республиканын чектелген автономиялык укугун кеңейтүүнүн жолун издешкен. Ж.

Абдрахманов мындай абалдан чыгуунун жолун Закавказье Федерациясы сыяктуу Орто Азиялык Федерациясын түзүүдөн көргөн. Анда Кыргызстан Орто Азиялык башка республикалар менен тең укукта кирмек. Бирок бул маселе дагы узак убакка калтырылап жаткандыктан, Кыргыз АССРин Союздук Республикага кайра түзүүнү сунуш кылган.

Өлкөдөгү көптөгөн даярдыктардан кийин 1936-жылы 5-декабрда СССРдин Советтеринин VIII өзгөчө съездинде өлкөнүн экинчи Конституциясы кабыл алынып, Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айланып, СССРдин курамындагы тең укуктуу союздук республика катары таанылган. Бул биздин кыргыз элибиздин тарыхындагы чоң жетишкендиги болгон. Ж. Абдрахманов, А. Орозбеков, Б. Исакеев ж.б. эмгеги зор.

Ал 1931-жылы 17-январда күндөлүгүнө: “Мен революцияга ак ниеттүүлүк менен, бирок толугу менен маанисин түшүнбөй келгем. Өзүмдүн өтмүшүм жана катаал азыркымды кошкондо 14 жылдык күрөш менден революциянын дурус солдатын жаратты, бирок бул күрөш жылдары мени толугу менен большевик кыла алган жок окшойт. Болбосо, менин Ата Журтумдун ар түрдүү, майда, оңунан чыкпаган иштерине кайгырышыма кантип башкача түшүндүрүүгө болот” - деп жазган. Ж. Абдрахманов социализмди куруууда лениндик багытты жактаган, кийинчерээк Сталиндин зордук саясатынан улам өзү тандаган жолдон иренжий баштаганы байкалат.

1932-1933-жылдары өлкөнү индустриялаштыруунун сталиндик саясаты жүрүп, оор өнөр жайды куруу үчүн дан азыктары экспорттолуп, сырттан болсо өнөр жайга керектүү материалдар алынган. СССРдин дан эгиндерин өндүргөн аймактарда: Украина, Казакстан, Поволжьеде адамдар ачкачылыктан кырыла баштаган. Пландуу экономикалык саясаттын негизинде дан даярдоо планы таңууланып, реалдуулуктан четтеп кеткен. Учурдагы шартта ЭКСтин председатели Абдрахманов көрсөтүлгөн планды азайтууга мажбур болуп, элдин ачарчылыктан кырылып калбасы үчүн үрөн фондусунан дан берип, пайдаланууга уруксат кылган. Дан эгиндеринин өз керектөөлөрү үчүн калтырып, натыйжада, Кыргызстанда ачарчылык болгон эмес. Ошол эле кезде коңшу казактар ачарчылыктан кырылып, кыргыз жерлерине келгендери да кырыла баштаган, алардын бир тобу кыргыздардын жардамы менен аман калышкан. Ж. Абдрахманов бул жөнүндө өз күндөлүгүндө мындай деп жазат: “1932-жылы казактар Кыргызстанга кутүрөп келе баштады. Ачарчылыктын айынан алардын арасында өлүм-житим көп болду. План өткөрүү кыйынчылыгын Шахрай, Исакеев үчөөбүз талкуулап келип, мен: “План аткарбады деп кызматтан алса, алсын, республиканы Казакстандын абалына жеткирбейм”, - дедим. Алар макул болду”.

Мына ошентип, анын эл үчүн жасаган эмгеги караланып,1933-жылы жалган жалаа менен кызматынан алынат. Самара шаарына жана Оренбург аймагына кызматтык сүргүнгө айдалып, 1937-жылы камакка алынып, 1938-жылы 5-ноябрда атылган.

**Адабияттар:**

1. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину. - Фрунзе: Кыргызстан, 1991.

2. Сыдыков А. Юсуп Абдрахманов / Сост. В. М. Плоских, Дж. Джунушалиев, О. Д. Шаршеналиев. –Бишкек, 2003.

3. Исаев К. Кыргыз ким болгон? Ким болду? Ким болуш керек? // “Улуу- Тоолор”. - Бишкек, 2007.

4. “Кут билим” газетасы. 17.06. 2016. №23 (10673), 5-б.

5. “Кут билим” газетасы. 30.11. 2016.

6. “Кут билим” газетасы. 9.12.2016

7. Сапаралиев Д. Эл зар – Жусуп (Ж. Абдрахмановдун 110 жылдыгынын урматына). - Бишкек, 2011.

8. Осмонов Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). -Б., 2007.